*Бейшеналиева У.У.*

# ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ МУЛЬТИМЕДИАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУП, СТУДЕНТТЕРДИН МААЛЫМАТТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Бейшеналиева У.У.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ИНФОРМАЦИОННОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ У СТУДЕНТОВ ПУТЕМ ПРИМЕНЕНИЯ МУЛЬТИМЕДИЙНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В УЧЕБНОМ ПРОЦЕССЕ

*УДК: 378.74,58*

*Макалада мультимедиалык технологияны колдонуу багытында студенттердин маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси боюнча түшүнүктөр жана азыркы учурдагы буга карата көз караштар чагылдырылган.*

*This article deals with the using of multimedia technologies and its effectiveness in the academic process. It reflects some definitions and views to this kind of technologies.*

Коомчулуктун ар тараптан өнүгүүсү түздөн-түз билим берүү системасынын өнүгүшүнө көз каранды. Билим берүүнүн өнүгүшүн камсыз кылуу, эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана окуу процессинде маалыматтык технологияларды пайдалануу маселелери менен тыгыз байланышкан.

Билим берүүнү маалыматташтыруудагы негизги теориялык жана методологиялы проблемалар боюнча О.Н.Филатова, Б.С.Гершунский, Ф.И.Перегудова өз эмгектеринде карашкан. Маалыматтык технологияны окуу процессинде колдонууга арналган изилдөө иштерин А.Я.Ваграменконун, О.Г.Смолянинованын эмгектеринде чагылдырылган. Мультимедиалык технологиянын окуу процессиндеги ролун жана ордун аныктоого Ю.С.Браундун, А.Ю.Кравцованын, И.Б.Кириченканын, Е.А.Рахитинанын эмгектери арналган. Педагогикалык жана гуманитардык адистерди даярдоодо компьютердик техника жана программдык жабдыктарды колдонуу маселелери боюнча В.В.Алейникованын, Е.В.Купринанын, С.П.Седыхтын, И.А.Цвелойдун изилдөө иштерин атасак болот.

Компьютердик жана маалыматтык сабаттуулук, маалыматтык ой жүгүртүү жана калыптануу маселелери боюнча изилдөөлөр Е.П.Велиховдун, Е.И.Мащбиццин, В.М.Монаховдун, О.К.Тихомировдун эмгектерине таандык. Мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун төрт баскычтуу үлгүсүн Л.П.Кибардина өз эмгегинде берген.

Бирок, бул багытта илимий изилдөөлөр жүрсө дагы, окуу процессинде мультимедиалык технологияны колдонуу боюнча маселе жетишээрлик деңгээлде чечилбей келүүдө. Азыркы күндө билим сапаты кещири түшүнүккө айланды. Ал студенттин мультимедиа технологиясы боюнча кеӱири түшүнүгүн, мультимедианы коштоочу программдык жабдыктарды өздөштүрө билүүсүн, аларды окуу процессинде колдоно билүүсүн жана өз кесиби менен байланыштыра билүүсүн камтыйт. Мультимедиалык технологияны колдонууда алгач окутуучунун жетишерлик билими, андан кийин компьютердик техника талап кылынат. Өсүүнүн үстүндө болгон, өз кесибинде атаандаштарды жеще билген ишмер адамдарды даярдоо билим берүүнүн азыркы талабына айланды. Анткени, интеллектуалдык денгээлин жогорулаткан адам гана талыкпай издене алат жана тынымсыз аракеттин үстүндө болот. Бул - адамдын ички дүйнөсүндөгү туруктуулукту, билгичтикти, билимди жаратат. Ал эми терещ билим, тарбия, талыкпаган эмгек компетенттүүлүккө жол көрсөтөт. Компетенттүү адам - бул инсандын профессионалдык ишмердүүлүккө теориялык жана практикалык жактан даярдыгы, ага билим таяныч боло алат [1].

Изилдөөчүлөр тарабынан компетенттүүлүктүн төмөндөгүдөй түрлөрү аныкталган [2].

1. Негизги (ключевая) компетенттүүлүк – баардык тармактарга зарыл болгон жалпы компетенттүүлүктүн жыйындысы.
2. Базалык компетенттүүлүк - белгилүү бир профессионалдык аймактагы компетенттүүлүк.
3. Атайын компетенттүүлүк – профессионалдык маселелерди чечүүдөгү, конкреттүү иш-аракеттерди жасоодогу компетенттүүлүк.

Компетенттүүлүктү багыттары боюнча төндөгүдөй бөлүктөргө бөлүүгө бөлүнөт:

- Социалдык компетенттүүлүк - адамдын профессионалдык ишиндеги социалдык жоопкерчилиги;
- өздүк компетенттүүлүк - адамдын жеке көз карашка ээ болуусу, өзүн өзү билим жагынан өстүрүүсү;
- жекече компетенттүүлүк - адамдын профессионалдык жактан өсүүсү.

Профессионалдык компетенттүүлүк - бул алган билим-илимди жашоосунда жана тандаган кесибинде татыктуу колдоно билүү.

Окуу процессинде студенттердин инсан катары калыптанышына өбөлгө түзгөн негиз катары компетенттүүлүк саналса, изилдөө ишинин негизи – маалыматтык компетенттүүлүк болуп эсептелет.

Маалыматтык компетенттүүлүк – компьютердеги эрежелерди, түзүлүштөрдү, өзгөчөлүктөрдү, мыйзамдарды, сырларды өздөштүргөндөн кийинки студенттин алган билими жана тарбиясы. Багыттуу түрдө мультимедиалык технологияны колдонуу менен, студенттердин билимин, көз карашын пайда кылганда жана ар бир кесиптин өзүнө тиешелүү белгилерин эске алуу менен багыт бере алганда гана маалыматтык компетенттүүлүк калыптанат. Демек, маалымат-

тык компетенттүүлүк калыптанышы үчүн төмөнкүдөй иш-аракеттер аткарылышы зарыл:

1. Мультимедиа түшүнүгүн студенттерге кещири түшүндүрүү.
2. Программдык жабдыктар менен түшүндүрүп үйрөтүү.
3. Мультимедиалык продукттарды даярдап чыгуу жана колдонуу.
4. Эффективдүүлүгүн аныктоо.

Мунун негизинде, окуу процессинде мультимедиалык жана коммуникациялык технологияны колдонуу зарылдыгы жаралат. Билим берүү системасын маалыматташтыруу, адистердин маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелерин чечүү менен өлкөбүздүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзө алат. Маалыматташкан коомдун жащы бир талабы - жащы ишмердүүлүктүн кеңейиши жана пайда болуусу, анын билим, тажрыйба менен коштолуусунун жыйынтыгы болуп саналат [3]. Маалыматташкан коомдун мүчөсү катары ар бир инсан маалыматты эркин колдоно алышы керек, булактарды тандай билүүсү, маалыматты атайын маселелерди чечүүгө колдоно билүүсү, муну менен компетенттүүлүктү баалай алуусу кажет [4], мунун негизинде маалыматтык компетенттүүлүктүн белгилери пайда болот, б.а. билим алууга инсандык кызыгуу жаралат, маалыматтык технологияны катарлаш өздөштүрүүгө багыт ала алат. Маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруудагы башкы максат - квалификациясы жогору адистерди даярдоо болуп саналат. Квалификациясын жана компетенттүүлүгүн жогорулатууда окуу процессинде мультимедиа технологиясын колдонууга багыт берүүсү зарыл. «Мультимедиа» термини 80-жылдары маалыматтарды сактоочу жана алып жүрүүчү CD, CD-ROM, видео, үн жаздыруучу түзүлүштүн (цифровой звук) пайда болушу менен келип чыккан. Көптөгөн пикирлерине ылайык, изилдөөлөрдүн мультимедиа технологиясын колдонуу менен окуу процессинде студенттердин кабыл алуусун 75% көтөрүүгө болот [5].

Мультимедиалык технология өз ара үчкө бөлүнөт:

1. Мультимедиаңы колдонуу аймагы.
2. Мультимедиаңы түзүүчү курамы.
3. Техникалык жабдуу.

1. Колдонуу областы катары билим берүү чөйрөсүн атоого болот, анын ичине лекциялык курстар, методикалык китепчелер, электрондук энциклопедиялар, көрсөтмө куралдар, дистанттык окутуу кирет.

2. Мультимедиаңы түзүүчү курамга графика кирет [6]. Графика профессионалдык кызыгууну пайда кылат. Графиканы сүрөтчүлөр, дизайнерлер, полиграфисттер, кинематографисттер, компьютердик оюндарды жаратуучулар, билим берүү программаларын иштеп чыгуучулар, клипмейкерлер кеңири пайдаланышат.

3. Техникалык жабдууга - дисплей, диск, акустикалык система, видеоплата, сканер, фотоаппарат, web-камера, микрофон, оптикалык компакт диск, колонка ж.б кирет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде мультимедиа технологиясын колдонуу менен азыркы учурда Нарын мамлекеттик университетинде «Воспитательные работы НГУ» электрондук энциклопедиясы, электрондук китептердин каталогу, окутуучу программалар, базалар, сырттан окуган студенттерге видео түрүндөгү мультимедиалык продуктулар, видеороликтер, слайддар, дипломдук проектилер жасалып, окуу процессинде колдонулуп келүүдө.

Инсандын маалыматтык компетенттүүлүк сапатынын пайда болушу компьютердик техника боюнча билиминен көз каранды. Билим берүү тармагы дүйнөлүк стандартка төп келип, жаўы ачылыш, жаўы толуктоолор, жаўы көз караштар менен курчалышы керек. Бул үчүн жалпы окутуучулар менен студенттер биргелешип иштеши, маалыматтык техниканы колдонуп, интеллектуалдык денгээлдерин жогоулатып дүйнөлүк маалымат чөйрөсүнө кошулуусу зарыл. Жалпы билим берүү системасына мультимедиалык технологияны кеңири колдонгон кезде, студенттердин оптималдуу чечимдерди таба билүүсүнө, өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, маалыматтык маданиятын калыптандырууга шарт түзүлөт.

**Адабияттар:**


1. Кисель Н.В. Информационная компетентность учителя как условия эффективного управления образовательным процессом: Дис…канд пед.наук. - Калуга, 2002.
2. Елина И.Е. Компетентность как интегральная характеристика профессиональной деятельности государственных служащих: Дис…канд психол.наук. - М, 1999.
3. Филатов.О.К. Информатизация технологий обучения в высшей школе. – М., 2001.
4. Ракитов А.И. Философия компьютерной революции. - Москва: Дело, 1991.
5. Греков А.А., Крамаров С.О., Черкезов С.Е. Информационная культура учителя // Педагогическая информатика. - 1999. №1. - с.3-10.
6. Панкова Г.Д. Введение в компьютерную графику. – Бишкек: ИИМОП КГНУ, 1999.